**УДК: 002:654.19**

**АМАНКУЛОВА С. А.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ, Бишкек

**AMANKULOVA S. A.**
J. Balasagyn KNU, Bishkek
s.amankulovna96@gmail.com

# МААЛЫМАТТЫК ТЕЛЕКАНАЛДАРДЫН ЖАҢЫЛЫК ДАЯРДООДОГУ НЕГИЗГИ ЫКМАЛАР

Основные методы подготовки новостей на информационных телеканалах

The main methods of news preparation in news channels

Макалада бүгүнкү коомдогу жаңылыктын орду, анын негизги максаты тууpacында каралган. Буга ылайык маалыматтык телеканалдардын жаңылыкты үзгүлтүксүз берүүнүн зарылчылыгы жана анын артыкчылыгы талдоого алынды.

**Урунттуу сөздөр**: жаңылык, маалыматтык телеканалдар, суткалык берүүлөр, жаңылыктын функциясы, факт.

Данная статья рассматривает место и основные цели новостей в сегодняшнем обществе. В статье обсуждается необходимость непрерывной передачи новостей и их преимущество на информационных телеканалах.

**Ключевые слова**: новость, информационные телеканалы, суточные передачи, функции новости, факт.

This article provides the places and main goals of news in today s society. Therefore, this article discusses the need for continuous transmission of news and their benefits on news channels.

**Keywords:** news, news channels, daily transfers, news features, fact

XXI кылым «Илимий техникалык революциянын» кылымы болгондугуна байланыштуу дүйнө коомчулугу маалыматты оперативдүү түрдө кабыл алуусу негизги роль ойногондугуна жана жаңылыктарды көрүү үчүн белгилүү бир убакытты күтүп отурууга мүмкүн болбой калгандыгына байланыштуу жаңылыктарды 24 саат боюу чагылдырып туруу талапка ылайык иш. Дал ушул багыттан алып караганда жаңылык канчалык деңгээлде коомчулук үчүн керек жана анын аткарган функциясын аныктап алуу, ошону менен бирге жаңылыкты үзгүлтүксүз берүүнүнүн зарылчылыгы барбы?-деген теманын алкагында изилдөөгө алынды.

Бүгүнкү күндүн талабына ылайык, телевидение эң жеткиликтүү массалык маалымат каражаттарынын бири катары жалпы масса үчүн абдан зарыл. Анын руханий жактан баалуу, маданий агартуу, жаңылыктарын жайылтууда кеңири мүмкүнчүлүккө ээ экендиги бардыгыбызга белгилүү. Ошондуктан жалпы коомдун аң-сезимин калыптандырууда жана өнүктүүрүдө телеканалдардын маалымат тармагы кандай деңгээлде өнүгүп жаткандыгы

жана чет элдик ММКнын маалыматты аудиторияга чагылдырууда канчалык бир деңгээлде көзкаранды экендиги туурасында анализ кылабыз.

Илим-техниканын өнүгүшү ММКнын өнүгүшүнө шарт түздү. Адеп башталышында адамдар маалыматты оозеки, андан кол жазма аркылуу таркатуу менен газетанын пайда болушуна шарт түзсө, маалыматты алыс аралыкка жеткирүү үчүн үн толкундарынын жардамы менен радиону пайда кылды, кийинки этап визуалдык түрдө телевидениенин пайда болушу менен катар, бүгүнкү күндө интернеттин келип чыгышы менен адамдардын маалымат алуу жана берүүдө кыйынчылыкты туудурбай калгандыгын өз практикабызда көрүп келүүдөбүз. Ал эми чет элдик өнүккөн өлкөлөр менен катар жергиликтүү маалымат телеканалынын учурдагы абалы, сапаты жана мазмуну олуттуу мааниге ээ.

Азыркы коомдо маалымат биринчи курал жана ошону менен бирге жалпы жогорку суроо-талапка ээ. Анткени, жалпы масса жергиликтүү калкттын жана дүйнө коомчулугундагы абал менен кабардар болуп турууну талап кылат. Ал эми телеканалдардын маалыматтык берүүлөрү менен массалык аудиторияга канчалык таасир этип жаткандыгы менен шартталат. Телекөрсөтүү көгүлтүр экрандын алдына миллиондогон көрүүчүлөрдү топтойт, тактап айтканда, телеканал башка радио, газета,журналдарга салыштырмалуу бир эле учурда масштабдуу көрармандардын көңүлүн буруу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Адеп жаңылыктарды чагылдырууда, жергиликтүү калктын гана аң- сезимине таасирин тийгизе турган болсо, жаңылыктарды суткалык берүү менен дүйнөлүк, масштабдагы көз-карашты, аң-сезимди калыптандырууга бел байлады. Демек, жаңылык жергиликтүү калктын гана чөйрөсүндө эмес, масштабдуулукка жетип дүйнөлүк аренага жайылтуу менен анын аудиториясынын кеңейишине шарт түзүлдү. Мунун аркасында маалыматты чагылдырууда эл аралык стандарттарды, оперативдүүлүк, объективдүүлүк, нейтралдуулук, көз карандысыздык деген талаптардын жогорулашына шарт түздү. Бирок ошого карабастан, маалыматтык телеканалдар бири-бирине өз таасирин тийгизип, өз ара карым-катнашта, алардын таасиринен чыга албай келет.

Дүйнөдө эмне кабар болуп жаткандыгы жөнөкөй жаран үчүн дагы кызыгууну жараткандыгы жана алардын берген маалыматтында канчалык деңгээлде тең салмактуулук позицияны кармагандыгы, ал эми Кыргызстандын маалыматты жыйырма төрт саат боюу чагылдырган каналдын өнүгүү багыттары туурасында сөз кылаардан мурда жаңылык тууралуу кенен маалымат алуубуз абзел.

«Американлык окумуштуу Дебора Поттердин «Көз карандысыз журналистика колдонмосу китебинде» жаңылыкка төмөндөгүдөй аныктама берилет. Жаңылык – бул жаңы нерсе, жаңы эле болуп өткөн окуя. Сөздүктөн карап көрө турган болсок, анда жаңылык «соңку окуялар жөнүндө билдирүү же мурда белгисиз болгон маалымат» деп чечмеленгенин байкайбыз. Жалпы жонунан айтканда, жаңылык – бул белгилүү бир аудиториянын жалпы кызыкчылыгын туудуруучу маалымат.

Телекөрсөтүүлөрдө негизги жанрлар катары кабыл алынган «даректүү программалар» түшүнүгү менен көп учурда маалыматтык жана көркөм–публицистикалык берүүлөрдү белгилешет. Бирок журналистиканы маалыматтык жана публицистикалык багытка бөлүү ылайыктуу. Бул бөлүштүрүү тарыхый түрдө түзүлгөн. Жаңылык ким? эмне? качан? кайда? деген суроолорго жооп берет. Ал эми публицистика көрүнүштөрдүн ортосундагы

себептик байланыштарды ачып, аларга социалдык – саясий баа берип, кантип? эмне үчүн? эмне максат менен? деген суроолорго жооп берет.

Жаңылыктын функциясы тууралуу айта турган болсок, адамдар дайыма жаңылыкка муктаж болгондуктан массалык маалымат каражаттары ал муктаждыкты канааттандыруу үчүн кызмат кылат. Бул кызмат негизинен коомдук жашоонун экономикалык, саясий жана социалдык сферасындагы маалыматтарды тейлөөгө багытталган. Учурда телекөрсөтүү журналистиканын башка тармактарына караганда маалыматты толугураак, тезирээк, ынанымдуурак жана тыгызыраак эмоцияда жеткире алгандыгына карабай, коммунисттик режимде башка маалымат каражаттарындай эле мамлекет тарабынан регламенттелген жана цензуранын көзөмөлүндөгү жаңылыктарды гана бере алган. Ал эми капиталисттик системадагы телеберүүнүн маалыматтык функциясы негизинен экономикалык жана аны тейлеген саясий маалыматтарды гана алдыга чыгарып, аларды гана тейлейт. Ушундан улам, телевизиондук мекеменин эфирдик чарчысынын негизин басымдуу бөлүгү маалымат кызматтары түзүп, калган көрсөтүүлөр убакытты толтуруу үчүн гана компоненттерге айланып калат.

Демек, телеканалдардагы жаңылыктык берүүлөр күндүн программасынын негизги өзөгүн түзөт. Көрүүчүлөр аудиториясы үчүн өзгөчө маанилүү болгон жаңылыктын максаты - маанилүү окуяларды ыкчам билдирүү болуп саналат.

Телекөрсөтүүдөгү маалыматтык берүүлөдүн түзүлүшү, жанрдык өзгөчөлүктөрү, мүнөздөмөсү жана алардын фунциялары калыптанган. Маалыматтык жанр – телекөрсөтүүдө көбүрөөк кездешүүчү жанр болуп саналат. Жаңылыкка көбүнчө жаңы эле болуп өткөн окуя тууралуу баяндалат. Жогоруда белгилегендей, жаңылыктык берүүлөр коомчулукта болуп өткөн жана болуп жаткан окуялар, жаңылык аркылуу ыкчам, объективдүү маалымат берүүгө багытталган.

Жаңылыктык берүүлөр телеканалдын бир күндүк эфирдик чарчысында өзгөчө ыкчамдыгы, маалыматтардын жаңылыгы менен айырмаланып турат. Ошондой эле алар эфирдин негизги элементтери болуп саналат [1;285]. Жаңылыкты суткалык чагылдырууда коомчулукту маалымат менен камсыз кылууда маселе жараткан атайын эфирдик убакытты талап кылбайт жана аудитория каалаган убактысында маалымат менен камсыз болуу мүмкүнчүлүгү жогору экендигин баса белгилөөбүз керек.

Маалыматтык берүүлөрдөгү жаңылыктарда позитивдүү жана негативүү информация пропоционалдуу берилиши керек [3;42]. Эгерде маалыматтык берүүлөрдөгү информациянын мазмуну бир гана негативдүү же пазитивдүү маалымат менен толукталса, анда маалыматтагы тең салмактуулук жоголот. Анткени адамдын жалпы аң-сезимин калыптандырууда жана анын психологиялык абалына түздөн-түз таасири чоң болгондуктан ар бир кетип жаткан жаңылык маани-маңызына өзгөчө кылдат мамилени талап кылат. Жаңылыктарды даярдап чыгарууда, ар бир редакция кылдат ишмердүүлүктү талап кылат, себеп дегенде, ар бир жаңылыктардын чыгарылышы кайрадан кайталап, экинчи ирээт тартып чыгарууга жол бербейт[4;120]. Мына ошол себептен, улам ар бир көрармандар үчүн, тактап айтканда, жалпы массанын менталитет, психологиясына жараша иш алып барат. Редакциялык ишмердүүлүктүн талаптары сакталууга тийиш. Кандай маалыматты берип, эмне тууралуу айтууга болбойт ажыратып билүү керек. Бул

биринчиден, мамлекеттин, улуттун коопсуздугунун жана жеке менчик, коммерциялык телеканалдардын жаңылыктар кызматтарына таандык принциптерден экендиги анык.

Жаңылыктык берүүлөдүн түзүлүшүнө: репортаждар, сюжеттер, анонстор, интервью, видео жана аудио чалуулар, башка маселелер боюнча маалыматтар, жарнамалык билдирүүлөр, материалдар кирет. Телеканалдагы маалыматтык берүүлөрдүн мазмундук өзгөчөлүктөрүн анын тематикалык палитрасы аныктайт. Негизги өзөгүн факт түзөт.

«Факт» - латын тилинен которгондо «жасалган» деген түшүнүктү берет. Маалыматтык жанрлардын негизин фактылар жөнүндө билдирүүлөр түзөт. Маалымат жанры өтө оперативдүү жана фактынын негизинде алынып, так болуусу зарыл [3;34]. Жалпы медиа тармагындагы эң биринчилерден болуп караалуучу маселе дал ушул факты негизги ролду ойнойт. Себеби, далилсиз, маанилүү деп эсептелинген фактынын орду жок болсо, анда маалыматтын, жаңылыктын таасирдүүлүн жоготуп, маалыматка болгон күмөн жаралаары анык. ММКлардагы маалыматтык жанрларга курч жана жеткиликтүү баяндоо, фактыларга негизделген далилдөөлөр мүнөздүү. Бул жанрдык ар түрдүүлүктүн негизги белгиси жана милдетти катары буларды айтууга болот: коомдук турмуштун ар кайсы тармактарынан маалымат берүү, маалыматты өз учурунда, толук жана так жеткирүү [2;67]. Ал эми маалыматтагы оперативдүүлүк акыркы интернеттин пайда болушу менен шартталып, медиа тармагы ар бир бериле турууучу жаңылык мурдагыдай жумалык же бир күндүк убакытты күтпөстөн, мүнөт, секундалык аралыкта берүү мүмкүнчүлүгүн жогорулатты жана талап кылып келүүдө.

Жаңылыктык берүүлөрдө коомдук турмуштагы, учурдагы эң маанилүү олуттуу проблемаларды көтөрүп чыгат жана чагылдырат. Күнүмдүк коомдук, саясий жана актуалдуу маселелерге карата курч, публицистикалык стилде, адабий тилдин нормаларынын негизинде жазылган жанр, башкача айтканда, кабарчылардын актуалдуу саясий, коомдук, экономикалык маселелер жана күндөлүк социалдык–маданий окуялар боюнча репортаждарды, сюжеттери менен мүнөздөлөт. Маалыматтык берүүлөрдө учурдун курч кырдаалын чагылдырып, коомдук ой–пикир жана көз караштардын калыптанышына жардам берет. Телекөрсөтүүдөгү жаңылыктарды берүүдө репортаж, заметка, интервью, отчет жанры колдонулат.

Жаңылыктар менен бүгүнкү күндө жалпы коомчулукту камсыздандырып туруу негизги талап. Андыктан учурдун талабына ылайык, маалымат алуучу күндүн кайсыл учуру болбосун маалымат алуусу жеңил жана оңой шарттарды түзүүнү талап кылат. Ошол себептерден улам ар бир мамлекет өзүлөрүнүн маалыматын 24 саат боюу чагылдырып турууну негизги планга чыгарат. Демек, жашоо ыңгайы жана жалпы суроо-талаптын болушунан улам жаңылык суткалык түрдө үзгүлтүксүз берүү талапка ылайык.

Ал эми аудитория жаңылыктар менен кабардар болууда белгилүү бир убакытка байланбастан же кандайдыр бир жашоо шартка байланыштуу жаңылыктар менен таанышууда убактысын өткөрүп жиберген мүчүлүштүктөрдөн улам бул зарылчылыктардын келип чыгышына себеп болду. Анткени, коомчулуктун социалдык абалы ар кандай болгондуктан, алардын маалымат алуу мүмкунчүлүктөрү дагы ар башка келет. Мындан сырткары, эфирдик убакытты белгилүү бир саатка коюу менен

чектелгендиктен, жаңылыктардын топтому улам жаңыртылып, толукталып берүүнү талап кылгандыктан, оперативдүү ишмердүүлүктү аксатып келет.

Ар бир жаңылык ММКнын ичинен теле, радио жана басма сөздөн кетирилип жаткан материалдардын ишенимдүүлүгү интернет тармагына караганда алда канча жогору турат. Себеп дегенде, медианын жалпы кесиптик этикасында көрсөтүлгөндөй, чындыкты сыйлоо жана эркиндик принциптери менен калкка туура маалымат берүү каралган. Дал ушул себептерден улам телеберүүлөрдөгү жаңылыктардын жалпы аудитория арасында өтүмдүүлүгүнүн негизги өзөгүн түзөт.

Суткалык жаңылыктарды берүүнүн дагы бир артыкчылыгы болуп, эгерде кандайдыр бир орчундуу, актуалдуу жана ошол эле учурда түшүнүксүз болгон маалыматты терең изилдеп, окуяга карата кенен кайрылууга жана фактынын негизинде анализдөөгө, эксперттердин тыянактарын келтирүүгө толук эфирдин убактысы жетет жана ага атайын убакыт бөлүнүп берилгендиги болуп саналат.

Кандай гана материал болбосун, анын кызыктуулугу, элге сиңимдүүлүгү көпчүлүк учурда ошол материалды даярдап жаткан журналисттин жеке ишмердүүлүгүнө жараша болот. Жарнактык негиздеби же башка жөнөкөй жаңылыкпы, эгер ал кабарчынын маңдай тери менен калыс даярдалса, эч убакта эфирге терс таасирин тийгизбейт деп айтууга негиз бар. Маалыматтык программалардын, анын ичинен жалпы аудиториянын суроо–талабын, керектөөлөрүн камсыздоого арналган таасирдүү берүүлөрдүн болушуна аябай тыкыр мамиле жасоо керек. Ал эми жаңылыктык берүүлөр коомдун күрөө тамыры сыяктуу орунда тургандыктан, алардын деңгээлин жакшыртуу жолдорун табууда редакциянын эмгек жамааттын ролу зор деп эсептөөгө болот.

Пайдаланылган булактардын тизмеси

1. Бровченко Г.Н. Виды сценариев / Г.В. Кузнецов, В.Л. Цвик, А.Я. Юровский // Телевизионная журналистика: учебник 5-е изд., прераб. И доп. – Москва – 2005.
2. Князев.А. Основы тележурналистики и телерепортажа – Бишкек – 2003.
3. Кузнецов Г.В. В.Л. Цвик, А.Я.Юровский // Информационная функция: учебник 4-е изд., перераб. и доп. – М.: Изд-во Моск. ун-та: Наука 2005.
4. Международный центр журналистики«MediaNet». Практическая журналистика в Казахстане – Алматы – 2008.


Рецензенттер: Азизбек уулу Бактыбек - филология илиминин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти
Егимбаева С.К. – филология илиминин кандидаты, Эл аралык Кувейт университетинин доценти